*Ибирайым кызы Айжан*

# ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИНИН ЖАҢЫ МУУНДАГЫ СТАНДАРТЫ ЖӨНҮНДӨ

*Ибирайым кызы Айжан*

# О НОВОМ ПРЕДМЕТНОМ СТАНДАРТЕ ПО ИНФОРМАТИКЕ

*Ibiraiym kyzy Aijan*

# ABOUT A NEW STANDARD FOR THE SUBJECT INFORMATICS

*УДК: 371.3:681.142*

*Макалада жалпы билим берүүчү мектептерде Информатика предметин окутуунун стандартынын түзүлгөндүгү жана анын мазмунунун жаңыча багыттары жазылат. Муну менен катар, информатиканын предметтик стандарты кандай бөлүмдөрдөн жана кандай мазмундан тургандыгы чечмеленип берилет. Алар: жалпы Жобо, предметтин концепциясы, негизги жана предметтик компетенциялар, мазмундук багыттар, күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо, окуу процессин уюштурууга коюлган талаптар тууралуу болгон.*

***Негизги сөздөр:*** *концепция, стандарт, предметтик стандарт, стандарттын түзүмү, окутуунун мазмуну, информатиканы окутуу, мазмундук багыттар.*

*В данной статье говорится о создании нового стандарта по предмету «Информатика» в общеобразовательной школе и о новом направлении в содержании обучения предмету. А также в статье даются структуры, где раскрывается содержание стандарта по предмету «Информатика». Такие как общее Положение, концепция предмета, ключевые и предметные компетенции, содержательные линии, ожидаемые результаты, оценивание и требование к организации образовательного процесса.*

***Ключевые слова:*** *концепция, стандарт, содержание обучения, общее образование, предметный стандарт, структура стандарта, содержательные линии.*

*This article refers to the establishment of a new standard on the subject "Informatics" in a secondary school and a new direction in the content of teaching the subject. Also in the article are structures where standard reveals the contents of the subject "Informatics". Such as the general situation, the concept of the subject, key and subject specific competences, content lines, expected results, evaluation and the requirement for the organization of educational process.*

***Key words****: concepts, standards, training, maintenance, general education, substantive standard, the standard structure, content lines.*

Азыркы мезгилде Кыргызстандын билим берүүсү бир этаптан экинчи бир жаңы этапка өтүү процессин башынан кечирип жатат. Адамдардын социалдык жана руханий турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр жүрүүдө, коомдун экономикалык модели жаңыланууда.

Экономикалык модернизациялоонун ийгиликтүү болушу инсандын социалдык жаңылануу ишмердигинен түздөн-түз көз каранды. Ошондуктан, жаштарга билим берүү бүгүнкү күндөгү башкы проблемалардын бири болуп саналат.

Билимдүүлүк, жарандардын квалификациясы коомдун байлыгынын негизи болгон жана болуп кала берет. Аны дүйнөлүк практика далай жолу далилдеди. Бүткүл дүйнө жүзүндө XXI кылымдын башында билимдин ролу өзгөчө жогорулады. Дал ошол билим берүү бүгүнкү күндө өлкөлөрдүн, элдердин, улуттардын, социалдык топтордун, үй-бүлөлөрдүн жана айрым инсандардын жашап кетүү жөндөмдүүлүгүн камсыз кылган башкы күчкө айланды.

Азыркы дүйнөлүк коомчулукта билим илим жана маданият менен катар эле негизги өндүрүш ресурсу болуп саналат. Билим берүү жаңылануунун негизги объектиси гана болбостон, анын субъектиси, күчтүү рычагы, инновациялык ресурстардын түгөнгүс булагы катары кабыл алына баштады.

Ал глобалдашуунун тенденциясына кирүүгө алып келип, билим берүүгө компетенттик мамиле кылууну шарттап, инсандык өнүгүүнү гумандуулук парадигмасынын нугунда алып барууну талап кылды.

Модернизациялоо зарылчылыгы ушул талаптарга туура келет.

Модернизация – учурдун жана курчап турган чөйрөнүн чакырыгына, талабына адекваттуу болгон максат, мазмун, форманын стратегиясын жана тактикасын кайрадан түзүү болуп саналат. Азыркы учурдагы тенденциялык (глобалдаштыруу, гумандаштыруу, интеграциялоо, оптималдаштыруу ж.б.) процесстер жана андан келип чыккан коомдогу карама-каршылыктар билим берүүнү маданияттык жана баалуулук мамиленин негизинде реформалоо менен адекваттуулук мыйзамына дал келет.

Демек, компетенттик мамилеге таянган билим берүү жалпы билим берүүнүн (дегеле билим берүүнүн бардык баскычтарынын) мазмунунун жаңыланышына алып келди.

Учурда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз билим берүү академиясы менен бирдикте билим берүүнүн мазмунун жаңылоо ишин алдыга койду. Ал үчүн адегенде нормативдик документтерди: мамлекеттик билим берүү стандартын, предметтик билим берүү стандарттарын, окуу планын, окуу программаларын, окуу-методикалык комплекстерин ж.б. түзүү аракеттери көрүлүүдө. Мындай аракеттер информатика предметине да тиешелүү болуп, предметти окутуунун мазмуну жаңы багытты көздөдү. Себеби, бул –

коомдун талабы. Ошондуктан, жалпы билим берүүчү мектепте информатиканы окутуунун концепциясы жаңыдан иштелип чыкты. Концепциянын негизинде 5-9-класстар үчүн Информатика предметинин предметтик стандарты түзүлдү. Ал эми жогорку класстарга түзүү иштери алдыга пландаштырылды.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде Информатика предметин окутуу мазмундук жактан түп тамырынан бери жаңыланып, ал мазмун кайрадан жаңы түзүлүп жаткандыктан, бир топ окумуштуулардын А.Мамытовдун, Э.Мамбетакуновдун, С.К.Калдыбаевдин, Е.Е.Синдин, У.Э.Мамбетакуновдун, Т.Р.Орускуловдун ж.б. эмгектери каралып, көз караштары, сунуш-пикирлери жетекчиликке алынды. Бул окумуштуулардын эмгектери Информатика предметинин жаңы мазмунун түзүүгө негиз болуп берди.

Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан жалпы билим берүүчү мектептер үчүн Базистик окуу планы иштелип чыгып (Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюму үчүн Базистик окуу пландарынын долбоорлорун бекитүү жөнүндө №1246/1. 2015-жылдын 8-октябрындагы министрликтин буйругу менен), коомчулуктун талкуусунан кийин, атайын жумушчу топ тарабынан (түзүүчүлөр: У.Мамбетакунов А.Ибирайым кызы, М.Касымалиев жана эксперт: А.Мамытов) жаңы стандарт (2014-жылдагы мамлекеттик билим берүү стандартынын жаңы вариантынын негизинде) түзүлүп, талкууланып, ал (Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-9-класстары үчүн «Математикалык», «Табигый илимий», «Технологиялык», «Социалдык», «Ден соолук маданияты» жана «Искусство» билим берүү чөйрөлөрүнүн жаңы муундагы сабактарынын стандарттары жөнүндө №1247/1. 2015-жылдын 8-октябрындагы Буйруктун негизинде) КР Билим берүү жана илим министрлигинин Коллегиясынан бекитилди.

Аталган стандарт «Жалпы Жобо», «Предметтин концепциясы», «Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо», «Билим берүү процессин уюштурууга коюлган талаптар» сыяктуу бөлүмдөрдөн турду.

Эми, жогоруда аталган бөлүмдөргө кыскача токтоло кетсем.

Предметтик стандарт билим берүү процессинин бардык катышуучуларын «Информатика» предметин окутуунун максаттары, мазмуну, ошондой эле окуу каражаттары аркылуу окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиялары тууралуу маалымат алуусун камсыздоо менен бирге, предметтин мазмундук жана тематикалык багыттарын аныктайт, предмет аралык байланыштарды, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү, окуу процессинин логикасын, ошондой эле окуучулардын жаш өзгөлүктөрүн эске алуу менен бөлүмдөр боюнча окуу сааттарынын болжолдуу бөлүнүшүн жана аларды окутуунун ырааттуулугун камсыз кылат.

Табигый билимдер, маалымат технологиялары, ишкердик, гуманитардык жана техникалык илимдер тармагындагы билимдерди синтездеген «Технология» аттуу билим берүү тармагы адамдын иш-аракетинин түрдүү багыттарында колдонулушун аныктайт жана жалпы билим берүүнүн прагматикалык багытын камсыздайт. Билим берүүнүн бул тармагында окуучулардын чыгармачыл багытта өнүгүүсүнө көмөктөш болгон өз алдынча аткара турган долбоордук жана изилдөө иш-аракеттери негизги ролду ойнойт. Бул стандарттын **жалпы Жобосунда** белгиленди. Ошондой эле Жободо жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн негизги нормативдик документтердин системасы жана негизги түшүнүктөр менен терминдер берилди.

Ал эми **предметтин концепциясында** информатиканы окутуунун *максаты* жана *милдеттери* такталды, ошондой эле предметтин методологиялык негизи, компетенттүүлүктөр жана мазмундук багыттар аныкталды.

Информатиканы мектепте окутуунун максаттарына жетишүү жалпы билим берүүнүн Концепциясына ылайык мамлекеттик стандартынын бирдиктүү максаттарынан аныкталып, тандалып алынган. Бул максаттар болсо өз убагында окуучунун ар тараптан өнүгүүсүн, билимдерди өздөштүрүүсүн, керек болгон көндүмдөргө ээ болуусун, чыгармачылык жана таанып билүү жөндөмдүүлүгүн, ар бир адамга керек болгон мүнөздөрдү тарбиялоо менен бирге жалпы коомго таасирин тийгизе турган тарбиялык жагдайларынын маанисин эсепке алуу менен түзүлөт.

*Негизги мектепте* Информатиканы окутуунун жеке максаты болуп окуучуларынын илимий көз караштарын, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, билим алууга, жөндөмдүүлүгүн арттырууга, эмгекке жана алган билимдерин чөйрөдө колдоно алууга болгон даярдыгын калыптандыруу эсептелет. *Жогорку класстарда* предметти окутуунун жеке максаты – окуучулардын базалык билимин турмушта колдонууга жана келечек кесибин тандоого, ошондой эле информатика жана ИКТ боюнча көндүмдөрүн ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндө пайдалануучу компетенцияларга ээ кылуу.

Ал эми **5 – 6-класстарда, 7 – 9-класстарда** жана **10-11-класстарда** ишке ашырылуучу милдеттер каралды.

Информатика предметинин **мазмуну** боюнча токтоло турган негизги нерсе – бул предметтин окуу пландагы алган орду, мазмундук багыттары, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр, предметтик байланыштар болуп саналат.

Жалпы билим берүүчү мектептердин Базалык окуу планында Информатика предмети төмөнкүчө орун алган: негизги мектептерде (5-9-кл.) – жумасына 1 саат, жогорку класстарда (10-11-кл.) – жумасына 1 саат, жылдык жүктөм 34 саат.

Информатика предметинин мазмундук багыттарынын өзгөчөлүгү төмөнкүлөрдө турат. Алар:

*«Информация жана информациялык процесстер»; «Компьютер»; «Алгоритм жана программалоо»; «Информациялык-коммуникациялык технологиялар»*. Бул мазмундук багыттардын алкагында окуучулардын предметтик жана метапредметтик компетенциялары калыптаныш керек.

Төмөнкүдөй **предметтик** компетенциялар аныкталды. Алар: *Маалыматтык сабаттуулук, Логикалык жана алгоритмдик компетенттүүлүк, ИКТ-квалификациясынын негиздери*, *Коммуникациялык компетентүүлүк*.

Ал эми **метапредметтик** болуп: *жалпы маданий, социалдык, информациялык, коммуникативдик, маани-маңыздык*, *окуу-таанып билүү, жекече ж.у.с.* компетенциялар эсептелди.

Информатика – коомдогу информация жана информациялык процесстер менен иштөөнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутуп үйрөтө турган фундаменталдуу илим. Ал билим берүүнүн бардык тарамындагы предметтер менен байланышта. Ошол себептүү стандарттар предметтик байланыш да каралды.

Кийинки бөлүм билим берүүнүн **натыйжалары** жана **баалоо** деп аталып, бул бөлүмдө информатиканы окутууда окуучулардан күтүлүүчү натыйжалар (окутуунун баскычтары жана класстары боюнча) жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун стратегиялары жазылды.

Андан соң окуу процессин уюштурууга мотивациялык **сунуштар** жана окуу каражаттар менен жабдууга коюлган **талаптар** белгиленди.

Жыйынтыктап келсек, Информатика предметин окутууда стандарт коомубузду каптаган адеп-ахлак кризисинин шартында эгемендүү кыргыз мамлекети өлкөнүн техникалык институттарына так багыт, нуска болуп бере тургандай улуттук билим берүүгө, предметти жакшыртып окутуунун, сапатын көтөрүүнүн, эң негизгиси, мектептен алган билимин турмушта колдонууга даяр болгон баланы бүтүрүп чыгаруунун жолунда үндөш, пикирлеш болуп, аны ишке ашыруунун практикалык иш-чараларын мерчемдей турган мезгил келгендигин аңдап билишибиз абзел.

**Адабияттар:**


1. Ибирайым кызы А. 2015-2016-окуу жылы үчүн август методикалык кеңешмелерине сунуштар. / Кут билим. – Б., 2015.
2. Ибирайым кызы А. Жалпы билим берүүчү мектептерде Информатика предметин окутуунун Концепциясы жөнүндө. // КУУ Жарчысы. №.., 2015.
3. Концепции обновления предметного образования в школах Кыргызской Республики. – Бишкек, 1995. – 45 с.
4. Мектепте билим берүүчү окуу предметтери боюнча мамлекеттик стандарты. – Бишкек, 2004, - 360 б.
5. Стандарт для 5-9 классов по предмету Информатика. – Б., 2015. 45 с.


**Рецензент: к.п.н. Кайдиева Н.К.**